**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Жарандар Рита Рахмановна Карасартова, Нарынбек Айыпович Идинов, Клара Сыргакбековна Сооронкулова, Айнура Максатбековна Усупбекова, Нурлан Берикович Садыков, Толобубу Бектурсуновна Валиеванын кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 4-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө

# АНЫКТАМАСЫ

2017-жылдын 7-июлу Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, сот отурумунун катчысы С.А. Джолгокпаеванын,

кайрылуучу тарап – Нарынбек Айыпович Идинов жана Дина Улановна Маслованын ишеним кат боюнча өкүлдөрү Айнура Мусаевна Осмоналиева, Бектур Камильевич Осмонбаев;

жоопкер тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишеним кат боюнча өкүлү Канатбек Рахманбердиевич Сыдыков;

башка жактар – Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын туруктуу өкүлү Нурбек Айтыевич Касымбеков, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын ишеним кат боюнча өкүлү

Улан Таштемирович Айтбаев, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Аида Маратовна Курманбекованын катышуусу менен,

Клара Сыргакбековна Сооронкулова, Рита Рахмановна Карасартова, Нарынбек Айыпович Идинов, Дина Улановна Маслова, Айнура Максатбековна Усупбекова, Нурлан Берикович Садыков, Толобубу Бектурсуновна Валиеванын «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 4-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өтүнүчтө көрсөтүлгөн талаптардан баш тартуу жана өндүрүштү кыскартуу жөнүндө өтүнүчүн соттук отурумда карап чыгып,

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 24-мартында жарандар Р.Р. Карасартова, Н.А. Идинов, К.С. Сооронкулова жана башкалардын «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 4-беренелерин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 3-бөлүгүнө, 16-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнө, 31-беренесинин 3-бөлүгүнө, 60 жана 104-беренелерине карама-каршы келет деп тануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арызданууучулардын пикири боюнча, ар ким эркин ой жүгүртүүгө жана өзүнчө пикирге ээ болууга, өз пикирин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине укуктуу, маалыматты эркин издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка ыкма менен жайылтуу укугуна ээ (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 31-беренесинин 1, 2-бөлүктөрү, 33-беренесинин 1-бөлүгү). Бул укуктарды жүзөгө ашыруу адамдардын ар-намысы менен беделин жана юридикалык жактардын ишчил баркын урматтоо зарылдыгы менен шартталган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар кимге кадыр-баркын жана беделин кемсинтүүчү маалыматты мыйзамсыз жайылтуудан соттук коргоону кепилдейт, ошону менен мамлекетти эркин ой билдирүү, маалыматты жайылтуу жана ар намысты, кадыр-баркты жана ишчил беделди

коргоо зарылдыгы ортосунда тең салмактуулукту камсыз кыла турган бузулган укуктардын акылга сыяр жана адилеттүү коргоо механизмин алдын ала кароону милдеттендирет. Арызданууч улар, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 29-беренесинин 4-бөлүгүнө, 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө шилтеме жасап жатып, соттук коргоо кызмат абалына карабастан сот өндүрүшүнүн тараптарынын атаандаштыгы жана тең укуктуулугу принциптерин сактоо менен ар кимге баардыгынын мыйзам жана сот алдында бирдейлигинин негизде камсыз болушу керек деп белгилешет. Ушуга байланыштуу, Башкы прокурорду Президенттин ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо боюнча соттук талаштарда анын мыйзамдуу өкүлү деп таануу кайсы бир адамга анын кызмат абалына байланыштуу өзгөчө артыкчылыктарды негизсиз берүү катары каралышы керек деп эсептешүүдө.

Арызданууч улар, «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2003-жылдын 18-июлунда ошол мезгилде колдонулуп жаткан 2003-жылдын 18-февралындагы редакциясындагы Конституциянын негизинде кабыл алынган деп белгилешүүдө. Ал эми, Кыргыз Республикасынын 2010-жылдагы Конституциясы Президент институтунун конституциялык моделин түп тамырынан өзгөрттү, башкаруунун парламенттик формасына өткөндүгүнө байланыштуу Президенттин 20дан ашуун ыйгарым укуктары жокко чыгарылган. Ошону менен бирге, талашылып жаткан ченемдер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Конституциясына ылайык келтирүүнүн алкагында трансформациядан өтпөй калган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 3-майындагы аныктамасы менен жарандар Р.Р. Карасартова, Н.А. Идинов, К.С. Сооронкулова жана башкалардын өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынган, ишти даярдоо боюнча зарыл процесстик аракеттер өткөрүлгөн жана анын кароосу 2017-жылдын 21-июнуна дайындалган.

Бирок Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 19-июнунда К.С. Сооронкулова, Р.Р. Карасартова, Н.А. Идинов, ошондой эле Д.У. Маслованын талаптардан баш тартуу жана иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

2017-жылдын 21-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы К.С. Сооронкулова, Р.Р. Карасартова, Н.А. Идинов жана башкалардын «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 4-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти кароону токтото туруу жөнүндө аныктама чыгарган. Мында, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы өтүнүчтөр бул сотуук отурумда каралышы мүмкүн эмес, анткени кайрылууга жүз беш жаран тарабынан кол коюлган деп белгилеген. Ушуга байланыштуу, кайрылууга кол койгон башка жарандардын көз карашы аныкталгыча, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын аныктамасы менен иш боюнча өндүрүш токтото турулган.

Көрсөтүлгөн иш боюнча кайрылуучу тарап катары таанылууга мүмкүн болгон жарандардын тизмесин тактоо максатында 2017-жылдын 21-июнунда судья-баяндамачы тарабынан аныктама чыгарылган, ага ылайык жарандар - Н.Б. Садыков, А.М. Усупбекова жана Т.Б. Валиевалар да кайрылуучу тарап катары таанылган. Өтүнүчкө кол койгон, бирок «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2-пунктунун талаптарына ылайык өзүнүн жашаган жерин жана башка зарыл болгон маалымарды көрсөтпөгөн калган жарандар бул иш боюнча кайрылуучулар катары таанылган эмес.

2017-жылдын 30-июнунда жана 3-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына Н.Б. Садыкова, А.М. Усупбекова жана Т.Б. Валиеванын талаптардан баш тартуу жана иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө өтүнүчтөрү келип түшкөн.

Жоопкер тарап өтүнүчтөрдүн чечилишин соттун карамагына калтырды.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 41-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык арыз берүүчү өз талаптарынан баш тартканда, маңызы боюнча чечим кабыл алынганга чейин маселени өз ыктыяры менен алып салса Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы иш боюнча өндүрүштү токтотот.

Жогоруда баяндалгандын негизинде жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 41-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктун, 2-бөлүгүн, 46, 47, 48, 51-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы,

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Жарандар Рита Рахмановна Карасартова, Нарынбек Айыпович Идинов, Клара Сыргакбековна Сооронкулова, Айнура Максатбековна Успубекова, Нурлан Берикович Садыков, Толобубу Бектурсуновна Валиеванын «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмерлигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1 жана 4-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүш кыскартылсын.
2. Өтүнүч жана ага тиркелген материалдар арызданууучуларга кайтарылып берилсин.
3. Иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө ушул аныктама кайрылуучу тарапты ушул эле талап жана ушул эле негиздемелер менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына кайталап кайрылуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.
4. Бул аныктама акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тарта күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**